**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**А.А.АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ**

**К. КАРАСАЕВ атындагы**
**БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 09.19.591**

**Кол жазма укугунда**
**УДК:** 111.81(575.2)(043.3)

**ЮСУПОВА РИТА ОРОЗБЕКОВНА**

# ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ ЭМПИРИКАЛЫК ЖАНА ТЕОРИЯЛЫК ДЕҢГЭЭЛДЕРДИН БАЙЛАНЫШЫ

**09.00.01 – онтология жана таанып-билүү теориясы**

Философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2021**

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин философия жана саясат таануу кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчиси:** **Арзыматов Джумадил Сабеталиевич**
философия илимдеринин кандидаты, доцент, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин философия жана гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын башчысы

**Расмий оппоненттери:** **Бөкөшов Жамгырбек Бөкөшович**
философия илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз-түрк “Манас” университетинин философия бөлүмүнүн башчысы

**Азимжанова Айнура Адыловна**
философия илимдеринин кандидаты, Кыргыз-Россия славян университетинин философия жана социалдык-саясий илимдер кафедрасынын доценти

**Жетектөөчү мекеме:** Кыргызстан Эл аралык университетинин философия кафедрасы, дареги: 720001, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Чүй проспектиси 255.

Диссертациялык иш 2021-жылдын “19” -февралында саат 13:00дө. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтуна, К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык), маданият таануу жана искусство таануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д 09.19.591. диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан (720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.), К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан (Бишкек шаары Тынчтык пр. 27) жана диссертациялык кенештин сайтынан таанышууга болот www.fil.kg. Коргоонун идентификатору: 256-059-5631, паролу: 19932510.

Автореферат 2021-жылдын “19” - январында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, философия**
**илимдеринин кандидаты,**
**улук илимий кызматкер** **Ж.К.Асанов**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Азыркы ааламдашуу мезгилиндеги башкы маселелердин бири бул - ар бир улуттун этникалык аң-сезиминдеги өнүгүүнүн прогрессивдүү платформасын тандап алууда жана жалпы жамааттын руханий баалуулуктарын инновациялык структурага багыттоодо турат. Кыргыз элинин атадан-балага өткөн, улуу муундардын сергек акылынан жаралган элдик оозеки чыгармаларындагы же салттуу билимдериндеги концептуалдык көз караштардын маңызынан ушундай альтернативаны көрүүгө болот. Салттуу билимдердин мазмунунда кыргыз элинин мындан ары бакубат жашоосу үчүн негиз боло ала турган маданий, социалдык, билим берүүчүлүк, экономикалык баалуулуктар камтылган. Аларды изилдөө улуттук кайра жаралуу процессин жөнгө салууда маанилүү ролду ойнойт.

Ар кандай илимий билим эмпирикалык жана теориялык изилдөөлөрдүн татаал биримдигинин натыйжасы экендиги белгилүү. Азыркы күндөгү коомдук турмуштун ар кайсы чөйрөлөрүнүн өнүгүүсүн алдын ала багыттоо - илимдин негизги милдеттеринин бири катары саналат. Ал эми илимдин бүгүнкү учурдагы мындай багыттарды аныктоодогу салттуу билимдерге таянуусу учурдун талабы. Бардык элдердин салттуу билимдери - ошол улуттун мүнөзүн, менталитетин сактап турган өзөк. Алар бүгүнкү күндөгү илимий таанып-билүүнүн эмпирикалык базасын түзүп келишет. Ага ылайык коомдук өнүгүүнүн элдик шайкештиктин сакталышын шарттаган теориялык негизди иштеп чыгуу зарылчылыгы жаралды. Биздин илимий изилдөөбүздүн актуалдуулугу аталган маселелерге арналгандыгы менен шартталды.

ЮНЕСКО уюму тарабынан «материалдык эмес маданий мурастар» маселесине чоң кызыгуу жаралып, аларды сактоо программасын жүзөгө ашыруу жаатында көп жылдардан бери алгылыктуу иштер жасалып келүүдө. Адамзаттын өнүгүүсүнүн көрүнүшү жана ажырагыс бир бөлүгү болгон бул мурастардын маани-маңызы азыркы тапта улам барган сайын жогорулап бара жатат. Салттуу маданияттын жана элдик билимдердин топтолгон дараметин биз сактай алабызбы? Бул суроого оң жооп алууда азыркы жана келечектеги жаш муундардын аталган өңүттөгү ээлеген орду чоң мааниге ээ экендигин баса белгилей кетүү зарыл.

Азыр биз адамды, табиятты жана коомду тыкыр изилдеген илимдерде болуп жаткан дүйнө тууралуу, ааламдагы системалардын бири-биринен көз каранды болуу сыяктуу түшүнүктөрдүн олуттуу өзгөрүп жаткандыгынын күбөсү болуудабыз. Табият жөнүндөгү, бизди курчап турган дүйнөдөгү системалуу түшүнүктөрдү тактоо менен бирге, кылымдар бою дүйнө элдери тарабынан салттуу билимдерде топтолгон тажрыйбанын маанисин жаңыча түшүнүү зарылдыгы пайда болду десек туура болот. Бул эмпирикалык билимдерди жашоонун бардык чөйрөлөрүндө колдонууга болот: дартты аныктоо жана дарылоо, тамак-аш азыктарын өндүрүү, турак-жайларды куруу, айлана-чөйрөнү өздөштүрүү, аба ырайын, жер титирөөнү жана башка

экстремалдык кубулуштарды алдын ала айтуу, демейки жашоо-турмуштун нормаларын, жамааттагы, социумдагы микроклиматты жөнгө салуу.

Кыргыз элинин салттуу билимдерин дисциплиналар аралык комплекстүү изилдөө максатка ылайык болуп, бул жаатта философиялык жалпылоону жүргүзүүнүн актуалдуулугун шарттайт. Бул пикир, өзгөчө, философиялык ойломго, түшүнүмдөргө түздөн-түз тиешеси бар. Анткени алар элдин руханий мурастарынын терең катмарларын түзүп турушат.

Каралып жаткан маселеге байланыштуу теориялык изилдөөлөр жеткиликтүү деңгээлде жүргүзүлгөн, ал эми кыргыз элинин салттуу билимдеринин таанымдын эмпирикалык деңгээлине таандык алкакты илимий өңүттө изилдөө кызыкчылыгын жаратат. Аталган жобо «Элдик оозеки чыгармаларындагы эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин байланышы» деп аталган теманы алып чыгууда чечүүчү ролго ээ.

Таанып-билүүнүн эмпирикалык жана теориялык деңгээлдеринин катнашын терең изилдеген окумуштуулар В.С.Степин, А.Н.Елсуков (1981), В.П.Кохановский, В.И.Купцов. Ал эми кыргыз элинин илимге чейинки жана илимий эмес көз караштарына алгачкылардан философиялык анализ жүргүзгөн ата мекендик илимпоздордон Д.А.Айтмамбетов (1967), С.М.Абрамзон (1971, 1999), Т.Д.Баялиева (1972), А.А.Алтмышбаев, А.Байбосунов (1990, 2001), Б.Аманалиев (1963), Ж.К.Урманбетоваларды (2009) атоого болот. Ошондой эле кыргыздардын элдик оозеки чыгармаларындагы дүйнөнүн сүрөтү жөнүндөгү ой-жүгүртүүлөргө маани берген окумуштуулар Б.Акмолдоева (1996, 2003), К.А.Акматалиев (1996), К.Байжигитов (1995), Т.Баялиева (1972), Ж.Бөкөшов (2013), М.Жумагулов (2001, 2005), К.Жусупов (2001, 2017), О.А.Тогусаков (2003, 2016), Н.К.Саралаев (2002), Ө.Козубаев (1995, 2013), Ы.М.Мукасов (2003, 2004,2018).

**Диссертациянын темасы илимий мекемелер тарабынан өткөрүлгөн ири программалар (долбоорлор), негизги илимий-изилдөөчүлүк иштер менен байланышкан.** Аталган тема Ош мамлекеттик университетинин тармактык илимий программасына кирет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин **максаты** - дүйнөнү таанып-билүүдөгү эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин байланышынын маңызын ачуу жана элдик оозеки чыгармалардагы салттуу билимдерди логико-гносеологиялык рефлексиялоо. Белгиленген максатты жүзөгө ашыруу, изилдөөдө төмөнкүдөй конкреттүү **милдеттерди** чечүү талап кылынат:

1.Таанып-билүү структурасындагы эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин ордун, маани-маңызын, фундаменталдык мааниси, алардын байланышын детерминациялаган категорияларды, мыйзам ченемдерди талдоо жана бул байланыштарды азыркы илимий таанымдын динамикасына проекциялоо.

2.Этномифологиядагы мифтик, диний таанымдын диалектикасы кыргыздардын натурфилософиясын мүнөздөгөнүн башкача айтканда, элдик

оозеки мифопоэтикалык чыгармалардагы эмпирикалык деңгээл — теориялык деңгээлдин генезиси жана калыптанышынын башкы өбөлгөсү экенин аныктоо.

3.Элдик оозеки чыгармалардагы эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин байланышынын проекциясында кыргыздардын дүйнө таанымындагы объективдүү реалдуулук тууралуу күнүмдүк билимдердин калыптанышын реконструкциялоо.

4. «Манас» эпосундагы салттуу билимдердеги рационалдуулукту эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин диалектикасынын алкагында талдоо.

5.Салттуу билимдердин азыркы илимдер системасына трансформациялануусунда эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин байланышында өтүүчүлүк принцибинин ролун аныктоо.

**Изилдөөнүн усулдары жана аппаратурасы**. Таанып-билүүнүн өнүгүү процессинде элдик оозеки чыгармалардагы эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин байланышы каралып жаткан бул илимий изилдөөнүн максат-милдеттерин чечүү негизинен таанып-билүүнүн логикалык-аналитикалык жана интегративдик-жалпылоо, индукция жана дедукция, салыштыруу, герменевтикалык чечмелөө ыкмаларын комплекстүү колдонуу аркылуу жүргүзүлдү. Маселенин методологиялык маңыз-мазмунуна ылайык: өз ара байланыш, детерминизм, эволюционизм, системдүүлүк, логикалуулук жана тарыхыйлуулук сыяктуу диалектиканын негизги принциптери көзөмөлгө алынды.

Диссертациялык иште таанымтеориясы, илимдердин философиясы жана методологиясы боюнча ата мекендик жана алыскы жакынкы чет элдик ойчулдардын концептуалдуу жоболору менен катар эле адабият таануучулардын, фольклорчулардын, этнографтардын илимий изилдөөлөрү, кыргыз элинин руханий бай казынасындагы оозеки чыгармалары, «Манас» эпосунун варианттары негизги булак катары каралды.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:** элдик оозеки чыгармалардагы эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин байланышын логико-гносеологиялык талдоого алуусу, кыргыздардын салттуу билимдерин азыркы философиялык парадигмаларга интерпретациялаганы менен аныкталат. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы төмөнкү жоболордо камтылган:

- дүйнөнү таанып-билүүдөгү элдик оозеки чыгармалардагы эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин байланышы мейкиндик жана мезгил континуумундагы аң-сезимдин формаларына жараша сенсуалисттик жана рационалдык, иррационалдык таануу ишмердигинин натыйжасында калыптанары ыраатуу аныкталды;

- байыркы кыргыздардын мифтик, диний таанымдарынын диалектикасы кыргыздардын натурфилософиялык түшүнүмдөрүнө өтүшүп элдик оозеки чыгармалардагы эмпирикалык билимдерин түптөгөнү айкындалды;

- кыргыздардын элдик оозеки чыгармаларындагы эмпирикалык жана

теориялык деңгээлдердин өз ара байланышы аркылуу элдин дүйнө таанымдагы объективдүү реалдуулук тууралуу күнүмдүк билимдердин калыптанышы реконструкцияланды;

- таанып-билүүдөгү эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин байланышынын диалектикасынын алкагында «Манас» эпосунда кыргыздардын табиятты системдүү кабылдап, анын ар бир феноменине кылдат мамиле жасап, байлыктарын рационалдуу пайдаланган салттуу билимдерининин системасы талданды;

- эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин байланышындагы өтүүчүлүк принцибинин мисалында салттуу билимдердин азыркы илимдер системасына трансформациялануу жол-жобосу аныкталды.

**Алынган натыйжалардын теориялык жана практикалык мааниси.** Диссертациялык иштин негизги жоболору жана жыйынтыктары тааным теориясы боюнча изилдөөлөрдүн, кыргыз элинин көөнөрбөс мурастарын изилдөөнүн методологиясын байытат. Коом менен табияттын, философия жана гуманитардык илимдердин, таанып-билүү менен көркөм чыгармачылыктын, салттуу билимдер менен азыркы мезгилдеги илимдердин өз ара карым-катнашын илимий-теориялык изилдөөлөрдө пайдаланууга болот. Изилдөөдө жалпыланган концепцияларды заманбап илимдин өнүгүүсүнүн дифференциация, интеграция тенденцияларына жана келечегине тереңирээк ой жүгүртүүгө, элдин тарыхый өткөнүнөн алган салттуулуктун сабактарын азыркы социалдык процесстерге: ааламдашуунун шартында өз шайкештигин сактап калуу, курчап турган чөйрөгө рационалдуу мамиле, учурдун экологиялык көйгөйлөрүн чечүү сыяктуу тажрыйбалык маселелерде пайдаланууга мүмкүн. Илимий иштеги такталган элдик тажрыйбанын башка элдердеги көрүнүштөрү менен салыштыруу планында колдонууга болот.

Диссертациялык иштин жыйынтыктары менен жоболору философия курсун, атайын курстарды окутууда, методологиялык семинарлардын суроолорун, студенттердин илимий-изилдөө иштерининин темаларын түзүүдө практикалык колдонууга ээ боло алат.

**Коргоого сунушталуучу диссерациянын негизги жоболору:**

1. Дүйнөнү таанып-билүүдөгү эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин байланышы реалдуу объектинин адекваттуу чагылуусун интерпретациялоо мүнөзүнө ээ. Элдик оозеки чыгармалардагы эмпирикалык билимдердин рационалдык маңызы теориялык билимдердин детерминанты боло алат.

2. Байыркы кыргыздардын дүйнөнүн сүрөттөлүшү жөнүндөгү мифтик образдар, нерселерди жана кубулуштарды алгачкы баёо реализм деңгээлдеринде рефлексиялоодон ой жүгүртүү феноменине өтүү жолу. Таанып-билүүдө мифтик көз караштардын логикалык-гносеологиялык өңүтү дүйнөнү рационалдуу түшүнүүнүн фундаменталдык маанисине ээ.

3. Дүйнөнү таанып-билүүдөгү салттуу билимдердеги табиятка болгон субъективдүү көз караштардын объективдүүлүгү, эмпирикалык жана

теориялык деңгээлдердин байланышында демонстрацияланат. Ошондуктан таанып-билүүдө элдик оозеки чыгармалардагы универсалийлердин өз алдынча абалы жөнүндөгү көз караштарда, илимий сүрөттөлүштүн образдары камтылат.

4. Таанып-билүүдө «Манас» эпосундагы салттуу билимдердин эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин байланышында иликтениши, дисциплинардык изилдөөнүн мыйзамдарына көз карандылыгын жогорулатат.

5. Дүйнөнү таанып-билүүдө салттуу билимдердеги өтүүчүлүктүн эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин диалектикасында герменевтикаланышы, ааламдашуу мезгилиндеги жаңы маалыматтардын динамикасын түзөт. Бул социалдык-тарыхый өнүгүүнүн өзөгү болуп, коомдун талабынын аксиологиялык-фундаменталдык өңүтүнө ээ боло алат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Элдик оозеки чыгармалардагы эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин байланышын маселе катары изилдөөдө диссертант тарабынан өз алдынча иштеп чыккан жоболору жана алган негизги жыйынтыктары изилдөөчүнүн жеке салымы болуп эсептелет.

**Диссертациянын натыйжаларынын апробацияланышы**. Иштин негизги жыйынтыктары бир катар эл аралык илимий-практикалык конференцияларда чагылдырылган жана доклад жасалган: «Кыргыз философиясынын актуалдуу проблемалары» (Ош, 2002); «Кыргызстанда психология илиминин өнүгүшү жана калыптанышы: көйгөйлөр жана келечеги» (Бишкек, 2015); «Современная наука: тенденции развития» (Краснодар, XI., 2015); «Наука в современном мире» (Киев, IV., 2015); «Ыйман, адеп жана маданият жылына арналган Этнопедагогика – заманбап социумдагы этномаданий дөөлөттөрдү сактоонун фактору катары» (Ош, 8., 2017); «Актуальные проблемы онтологии и социальной экологии» (Бишкек, 2019); Евразийское научное объединение «Интеграция науки в современном мире» (Москва, 5., 2019) ж.б.

Диссертация Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтунун онтология жана гносеология бөлүмүнүн кеңейтилген отурумунда талкууга алынды.

**Диссертациянын натыйжаларынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Иштин негизги жыйынтыктары жана жоболору 17 илимий макалада чагылдырылды, алардын ичинен 4 макала чет элдик илимий журналдарда жана жыйнакта жарык көргөн.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Диссертациялык иштин структурасы изилдөөнүн максатына жана милдеттерине дал келип, киришүүдөн, эки баптан, беш параграфтан, корутундудан жана 166 колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын жалпы көлөмү 158 бетти түзөт.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилденип жаткан теманын актуалдуулугу негизделди, максаты, милдеттери, колдонулган методдору жана аппаратурасы аныкталып, иштин илимий жаңылыгы, диссертациянын теориялык жана практикалык маанилери ачылып берилди, коргоого алып чыккан негизги жоболор келтирилди, диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы жана басылып жарыяланышы, иштин структурасы жана көлөмү тууралуу маалыматтар көрсөтүлдү.

Биринчи бап **«Дүйнөнү таанып-билүүнүн эмпирикалык жана теориялык тенденциялары»** деп аталат**.** Бул бапта дүйнөнү таанып-билүүдөгү эмпирикалык жана теориялык деңгээлдерге илимий-философиялык талдоо жасалды жана анын фундаменталдык мааниси ачылды. Эмпирикалык жана теориялык деңгээлдер таанып-билүүнүн формасы катары аныкталып, анын мазмуну жана маңызы учурдагы илимий билимдердин динамикасын, ааламдашуунун шарттарын эске алуу менен бул эки деңгээлдин бирдей аракеттеги байланышында детерминациялоочу жалпы илимий мыйзам ченемдүүлүк катары каралды.

Биринчи баптын **«Эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин байланышы – гносеологиянын проблемасы»** аттуу биринчи параграфында философиянын негизги маселеси, таанып-билүүнүн маңызы каралып, эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин байланышына маани берилет.

Дүйнө таанымдын эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин диалектикасы татаал структурадан турат. Мында коомдук аң-сезимдин демейки жана теориялык деңгээлдеринин курамы анын фундаменталдык негизин түзөт. Дүйнөнү таанып-билүү процессиндеги эмпирикалык же теориялык деңгээлдердин биринчилиги байыркы антикалык грек философиясынан тартып негизги талаштагы маселе болуп келген. Бирок бул эки деңгээлдин таанып-билүүдөгү бирдей катыштыгы бар экендигин көптөгөн философтор анализдешкен. Мисалы, Платондун «Мамлекет» деген чыгармасында билимди интеллектуалдык жана сезимдик деп эле бөлбөстөн, алардын ички структурасын биринчиден «таза ой» (noesis) жана «акыл» (dianoia), экинчиден «ишеним» (pistis) жана «окшош» (eicasia) деген түшүнүктөр менен түшүндүрүп, бирок анын гносеологиясында «пикир» жана «билимге» токтолгон. Ой-пикирди (doxa) сезимдик (estesis) тааным менен айырмалашкан, бирок тааным иш-аракетинде аны сезимдик менен тыгыз байланышта карашкан. Тескерисинче, дүйнөнү сезимдик таануу натыйжасында ой-пикирдин калыптануусун да эсепке алышкан. Ошондой эле Орто кылымдагы философтор: Ибн Сина, Аль-Фараби, Беруни ж.б.у.с. аалымдар дүйнөнү таанып-билүүдөгү сезимдик жана рационалдык таанууга чоң маани берип, алардын диалектикалык байланыштарын эске алышкан. Азыркы учурда көрүнүктүү чет элдик изилдөөчүлөрү (Ж.Пиаже, Р.Грегори, Ч.Спайкер, Л.Липситт) жана советтик (А.Н.Леонтьев, А.В.Запорожец, В.П.Зинченко) психологдор тарабынан сезимдердин акыл-эс менен болгон байланышы колдоого алынып, бул байланыш ар түрдүү доордогу бүтүндөй адамдардын маданиятынын негизинде каралууда.

Коомдук аң-сезимдин деңгээлдеринин онтолого-методологиялык маңызынын интерпретацияланышы төмөнкүлөр аркылуу аныкталат:

Демейки аң-сезим – коомдук аң-сезимдин төмөнкү деңгээли. Демейки аң-сезим системага салынган эмес деп чечкиндүү айтууга болбойт, бирок жеткиликтүү системага жана тартипке салынган эмес, белгилүү концепциялардын системасы болуп эсептелбейт жана адамдардын демейки жашоосу үчүн зарыл болгон көз караштардын, билимдердин, сезимдик баалоолордун ж.б. биримдиги катары келип чыгат. Демейки-практикалык көз караш өзүнө ыктарды, адаттарды жана салттарды, муундан-муунга берилүүчү жана ар бир конкреттүү индивид менен таанылган тажрыйбаларды камтыйт. Ал адамга жашоонун татаал кырдаалдарында, туура багыт табууга жардам берет. Себеби мындай деңгээлдин көз караштары ойлонулган, системага салынган, негизделген жана алардын арасында чанда кездешүүчү ички карама-каршылык, туруктуу ишенимдер бар. Ал коомдук аң-сезимдин компоненттеринин бири болуп, анын деңгээли теориялык аң-сезимге да, илимий билимдердин натыйжаларына да дал келиши мүмкүн. Аны конкреттүү тарыхый элемент катары кароо керек, анткени ал коомчулуктун өнүгүүсүнө жараша жылып, өсүп, кеңейип, такталып, салттык гана эмес, илимий билимдерди да толуктап турат.

Теориялык аң-сезим – коомдук аң-сезимдин башка катмары, анын жогорку деңгээли. Демейки аң-сезимден айрымаланып, теориялык аң-сезим демейки жана сырткы байланыштардын чегинен сыртка чыгат жана атайын иштелип чыккан концепциялар менен теориялардын жардамында кубулуштун терең маңызына жетүүгө умтулат.

Демейки деңгээлде таанып-билүү бизге эмпирикалык билим катары берилген. Демейки эмпирикалык билимдер чөйрөсүнө бардык илимге чейинки жана илимий эмес билимдер кирет. Эмпирикалык билимдердин мазмуну тажрыйбадан, күнүмдүк жашоодон алынган, бирок рационалдык жактан иштелип чыгат жана тилде берилет.

Илимий теориялар эмпирикалык билимдерди жыйынтыктоонун негизинде пайда болору кеңири белгилүү. Бирок бардык илимий теориялар эмпирикадан келип чыгат дегенди билдирбейт, теориялык жана эмпирикалык изилдөөнүн өнүгүшүндө өтүүчүлүктүн куммулятивдик принциби негизги ролду ойнойт [Арзыматов Ж.С. Тануу менен өтүүчүлүктүн диалектикасы – Б.: 2017.- 322 б.].

Ошентип коомдук аң-сезимдин структурасы теориялык деңгээлде илим менен идеологияда берилген, демейки аң-сезим деңгээлинде эмпирикалык билимдер менен коомдук психологияда берилген. Мында илим жана эмпирикалык билим таанып билүүчү аң-сезимге тиешелүү, идеология жана коомдук психология – баалоо аң-сезимине тиешелүү.

Бул компоненттердин биригүүлөрү дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшүн берет. Таанып-билүү деңгээлдеринин формалары: туюм, кабылдоо, элестөө, түшүнүк, ой жүгүртүү, ой корутундулоо нерселердин же кубулуштардын конкреттик таанылышын камсыз кылып турат. Ошондой эле аларды

изилдөөдөгү ыкмалардын колдонулушу илимий максаттын ишке ашырылышына шарт түзөт.

Мындан эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин интерференциясы алардын дискреттүүлүгү эмес, экөө өз ара имманенттүүлүктө болуусунда.

Азыркы изилдөөлөрдө сезимдик жана рационалдык байланыштын негизинде алынган билимдер гана эмес, ички кандайдыр бир белгисиз сезимдүүлүктөн келип чыккан, башкача айтканда, интуициялык тааным кеңири орун алууда. Анын табышмактуулугу изилдөөгө мүмкүн эместигинде. Таанып-билүүнүн бул түрүн окумуштуулар иррационалдык формага киргизишет. Башкача айтканда дүйнөнүн акыл-эссиз таанылышы. Интуициянын эволюциялык өнүгүүсүндө көптөгөн талаш-тартыштарга дуушар болгондугун М.Бунге «Интуиция и наука» деген китебинде карап өткөн.

Ушул сыяктуу таанып-билүү процесстеринде, татаалдыкка ээ болгон илимдердин арбын экендигин, азыркы илимдердин философиясында, илимден сырткары турган билимдердин бир нече формаларында бөлүп көрсөтүшкөн: кош илимийлүүлүк, жалган илимий (лженаучный), чыныгы илимий эмес (квазинаучное), илимге каршы ж.б.у.с.

Салттык жана техногендик коомдордун ортосунда олуттуу принциптер арачылап турат. Салттык билимдер эмпирикалык билимдердин негизинде чогулган, туюмдук фактылардын жардамы менен пайда болгон үрп-адат, каада-салт, макал-ылакап, айтыштар, эпос, уламыштар, жомоктор, жөө жомоктордун туруктуулугун камсыз кылуучу, муундан-муунга берилүүсүнөн калыптанат. Ал эми техногендик коом XVII-XVIII кылымдардан бери келе жаткан техникалык өнүгүүлөрдүн түптөлүүсү менен пайда болгон. Ааламдашуу мезгилиндеги техногендик маселелердин салттык билимдердин жардамында чечилиши, дүйнө таанымдын эмпирикалык жана теориялык деңгээлдеринин диалектикалык экспликацияланышын түзөт.

Коомдук аң-сезимдин структурасында, гносеологиялык багытта обьективдүү реалдуулук кабыл алынат, ал эми социалдык багытта идея ишке ашат. Бирок бул эки система өзүнүн өнүгүү нугунда бирдиктүүлүккө сөзсүз баш иет. Мындай татаал процесс таанып-билүүдө даана байкалат. Таанып билүү аң-сезими бул адамдан, адамзаттан сырткары объективдүү дүйнөнүн рефлексияланышы, ал эми баалоо аң-сезими билимдин материалдык жана руханий маданиятта ишке ашышы, б.а. адамдардын керектөөсүн канааттандыруу. Таанып-билүү процессинин негизинде адамдар рационалдуулукка ээ болушуп, турмуштун туура багытын тандап алат.

Ошентип сезимдик менен рационалдык таанып-билүүлөр зарыл учур, анда сезимдик таанып-билүү эмпирикалык баскычты камсыз кылат, ал эми рационалдуулук – теориялыкты. Бул таанып-билүүнүн эмпирикалык жана теориялык деңгээлдерин калыптандырат. Ал эми булардын диалектикасы, таанымдын онтологиялык методологиясында негизги ролду ойнойт.

Биринчиси экинчиге дүйнөнүн так абсолюттук акыйкатта таанулуусуна шарт түзөт, анткени эмпирикалык баскычта кубулуштар жана нерселер верификацияланат, ал эми теориялыкта – анын ички маңызы детерминацияланат. Бул маселе теориялык конструкцияларга эмпирикалык интерпретациянын түзүлүүсү менен жана теориялык чечимдердин тажрыйбадан алынган маалыматтар менен шартталган учурда гана чечилет. Демек эмпирикалык жана теориялык дэңгээлдердин дифференциялык байланышы илимий көз караштардын фундаменттик маанисин ачып берет.

Биринчи баптын **«Этномифологиядагы дүйнөнүн модели – эмпирикалык денгээлдин формасы»** деп аталган экинчи параграфында, элдик оозеки чыгармалардагы дүйнөнүн мифтик сүрөттөлүшүнө көңүл бөлүнүп, бул образдардын рационалдуулугуна басым жасалат.

Таанып-билүүнүн алгачкы формасы – миф. Адамдардын дүйнөнү таанып-билүүгө болгон кызыгуулары, үмүт, максаттары, алар жаралгандан баштап өнүккөн. Ошол мезгилдеги субъект табиятты кандай кабыл алса, ошондой ой жүгүртүп, аны таанууга аракет жасаган. Таанып-билүүдө мындай көз караштар баёо реалисттик мүнөзгө ээ болуп, дүйнөнүн стихиялык-материалисттик образын өз ичине алган. «Баёо реализм» мифте жана маданиятта дүйнөнүн түзүлүшүн берүүдөгү элестөөлөрдө актуалдуу болбостон, ал конкреттүү жандуу образдуу, визуалдык көркөмдүүлүк, ошондой эле  архаикалык адамдардын ой жүгүртүүлөрүнүн белгиси, андагы терендик менен мүнөздөлөт» [Сказания о солнцах. Мифы и исторические легенды наука [Текст] / ред. пер. С.А.Куприенко., В.Н.Талах. – Киев, 2014. − 382 с.]. Мында таанып-билүүдөгү дүйнөнү сезимдүү кабылдоодон рационалдуулукка өтүү учуру ойлоонун чыгармачылык менен коштолуусунда жүргүзүлгөн. Анын ичинде жаратылыш жөнүндө эркин логикалык элементтер, кыялдануулар, түшүнүктөр камтылган. В.И.Ленин дүйнөнү таанып-билүүдө жалпы идеяларга фантазиялык чагылуу аркылуу жеке жыйынтык чыгарылса, анда фантазиясыз илим жок деп билдирет. Демек, дүйнөнүн мифтик образдарына дедукциялык тыянак берилсе, анда аң-сезимге көз карандысыз идеялардын субстанциясы калыптанарына толук негиз бар экендигин аныктоого болот. Ошондуктан таанып-билүүдөгү мифтик көз караштар реалдуулукту көркөм чагылдырып, демейки билимдердин интеграцияланышын камсыздап турат. Башкача айтканда, мифтик фантазиядан логикалык ойлоонун бөлүнүп чыгышы чындыктын рефлексияланышын шарттайт. Бул процесс таанып-билүү эволюциясында көп убакыт аралыгында калыптанган. Таанып-билүүдө байыркы адамдардын сырткы чөйрөгө реакциясы, толгон эмоциянын нерсеге болгон катышынан келип чыгып, андан фантазиялык элестөөлөр жаралып, дүйнөнүн реалдуу сүрөтүнүн генезисинин пайда болушуна жол ачкан. «Мифтин айырмалоочу өзгөчөлүгү – бул образды жана объектини субъективдүү жана объективдүү, ички жана тышкы, бөлүктү жана бүтүндүктү аныктоо жана ошол эле учурда бардык нерсенин бирдей деңгээлде каралышы» [Кессиди, Ф.Х. От мифа к логосу: становление греческой философии [Текст] / Ф.Х.Кессиди. – СПб.,

2003. – 360 б]. Мында Кессиди дүйнөнүн мифтик сүрөттөлүшүндө адам, жаратылыш бытиеси менен гармониялык мамиледе болуп, таанып-билүүдө фантазиялык образдардагы субъективдүү көз караштар объективдүүлүккө өтүп турарын тастыктаган. Ошондуктан таанып-билүүдө мифтин мазмуну бытие менен материянын катышын чагылдырган элементтердин бар болуу аркылуу мүнөздөлөт.

Нерселерди жана кубулуштардын сырткы касиеттерин окшотууда, символикалык жана синкреттик мүнөздү берген. А.Ф.Лосев мифти жөн эле ойлонуп табылган нерсе же функция эмес, ал аң-сезимдин жана жалпы болмуштун диалектикалык зарыл категориясы катары карайт. Дүйнөнү таанып-билүүдө байыркы адамдардын деңгээлин аныктаган мифтик көз караштар, ошондогу жашоочулардын ички сезимин, руханий бытиесин далилдеген. Бул логико-гносеологиялык өнүттүн өрчүшүнө өбөлгө түзгөн. Профессор М.Жумагулов мифти дүйнөнүн адамга шайкеш келген көрүнүштөрүнүн байланыштарындагы тууганчылыктын негизинде түзүлгөн, дүйнөгө болгон мамиленин калыбын билдирип, реалдуу чындыктын бүтүндүгүн түзүүчү баштапкы ыкма деп баяндаган. Таанып-билүүдө нерселердин өз ара байланышын, адамдардын сырткы дүйнө менен тыгыз мамилесин натуралисттик жана стихиялык-материалисттик элестер аркылуу сүрөттөөдө мифтин орду ачык көрүнөт. Мында экосистемага карата этият байланыштын башаты калыптанган.

Ошондой эле синкреттик процесстин негизинде нерселерди таанып-билүү иш-аракеттери динамикалык мааниге ээ болгон. Теңирге болгон ишеним, асман менен жердин катышын чагылдырып, ал эми жердин төгөрөк формасынын элдик оозеки чыгармаларда сүрөттөөлөрү логико-гносеологиялык таанып-билүүдөн кабар берген. Мисалы, Теңир императиви универсалийлердин субстанциялык себебин аныктоочу жана коомдогу моралдык-этикалык нормаларды жөнгө салып туруучу жогорку күч катары белгиленет. Жердин тегерек формасы жөнүндө «Манас» эпосунда «Төгөрөктүн төрт бурчу» деген түшүнүктөрдүн интерпретацияланышында арбын эске алынат. Таанып-билүүдө «төгөрөк» формасынын элдик салттуу оюндарда колдонулушу кеңири таратылган. Ар бир образ мейкиндик менен убакыттын байланышын көрсөтүп, кээ бир учурларда эске алынбай калган. Мисалы, ааламдын үч мейкиндикке «үстү, орто, астына» бөлүнүшү, «ат чабым», «тай чабым» деген түшүнүктөрдүн «Манас» эпосунда камтылышы, мейкиндик жана убакыттын ордун демонстрациялап турат. Мындай ой бүтүмдөр салттуу билимдердин рационалдуулугун белгилеген. Ал эми Бакай менен Кыргылдын эпостогу окуялардын башынан аягына чейинки образдарда кары каармандын ролунда сүрөттөлүшү, мезгил агымынан сыртта тургандай маанини берет. Ошондой эле байыркы кыргыздардын динге чейинки ишенимдеринде, табият ресурстарына болгон ишеним, ага карата жасалган сый-урмат ырым-жырымдар менен коштолгон. Мисалы, отко, сууга, тоого, жерге сыйынуулардын эмпирикалык мааниси эл оозунда калып, макал-ылакаптарда, жомоктордо, мифте, уламыштарда, эпостордо

ассоциацияланган: «Суудай өмүр берсин», «Жер эне», «От бар жерде түтүн бар, суу бар жерде түшүм бар», «суу адамдын жаны, өсүмдүк каны» ж.б.у.с. Таанып-билүүдө нерселерди символикалык мааниде колдоно билүүлөрү кандайдыр бир ишенимди калыптаса, экинчиден алардын маанилүүлүгүн даңазалаган. Мисалы, «жетинин бири кызыр», «мал берүүдө тогуз санын эске алынышы» ж.б.у.с.

Бул ойлордун баалуулугу демейки практикада текшерилип, керектүү өңүттөрү муундан-муунга өткөрүлүп берилген. Бул боюнча КР УИАнын корреспондент-мүчөсү Ы.М.Мукасовдун тастыктоосун карасак: «Мифологиялык аң-сезимде табият, коом жана адам өз ара аракеттенишүүнүн жана бирин-бири түшүнүүнүн учугу менен байланышып, бирдиктүү жана ажырагыс бүтүндүктө элестетилет» [Мукасов, Ы.М. Мировоззренческая сущность кыргызских мифов. [Текст] / Мукасов Ы.М. – Б.: Илим, 2018. – 170 с.] – деген ойлор менен туюнтулат. Окумуштуунун пикирине кошулуп, архаикалык адамдардын таанып-билүүсүндө жандуу жана жансыз, инсан жана жамаат, жекелик жана адам түшүнүктөрү жат көрүнүш болуп, аалам системасы бирдей деңгээлдеги болмуш катары каралган.

Экинчи бап **«Салттуу билимдердин философиялык түшүнүмдөргө проекциясы»** деп аталып, үч параграфты камтыйт.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп элдик оозеки чыгармалар жана алардагы эмпирикалык же салттуу билимдер эсептелет. **Изилдөөнүн предмети** катары дүйнө таанымда элдик оозеки чыгармалардагы эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин байланышынын орду, кубулуштары саналат.

Экинчи баптын биринчи параграфы **«Кыргыздардын салттуу билимдериндеги рационалдуулуктун детерминанттары»** деп аталат. Таанып-билүүдө салттуу билимдердин философиялык түшүнүмдөргө проекциясы, кыргыздардын эмпирикалык билимдеринин рационалдуу дедукцияланышы менен мүнөздөлөт. Салттуу көз караштарды белгилеген билимдердин булагы, элдик оозеки чыгармаларда рефлексияланып, философиялык ойлордун калыптанышында фундаменталдык детерминантка ээ.

Таанып-билүүдө байыркы кыргыздардын субъективдүү көз караштары эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин байланышынын негизинде объективдүүлүктү берет. Анткени дүйнөнүн сүрөттөлүшүн чагылдырган образдар сезимдик жана рационалдык чырмалыштын эсебинен пайда болот экениндигин биринчи параграфтан иликтегендей, байкоо процесси сезимдик гана эмес рационалдык баскычтардын айкалышынан жүргүзүлөт. Мына ушунун негизинде салттуу билимдердин рационалдуу детерминанттарын демонстрациялоо учуру жаралат.

Кыргыздардын экзистенциясы табият менен гармониялык байланышты түзгөн. Алар өздөрүн табияттын бир бөлүгү катары туюп, ага адамдын бардык иш-аракеттерин окшотуп кабылдоону туура деп билишкен. Бул тууралуу жөнөкөй тил менен антикалык философ Демокрит төмөнкүчө

баса белгилеп кеткен: «Жандыктарга окшоштук, атап айтканда, биз жөргөмүштүн шакиртибиз, аларды тууроо аркылуу маанилүү иштерге: токуучулук менен тигүүчүлүктү үйрөндүк. Биз турак үй салууда чабалекейлердин, ал эми обон салууда ак куу менен булбул сыяктуу обончу куштардын шакирттерибиз... Бизди айыл чарбачылыгына үйрөткөн да жаратылыштын өзү...» [Кайымов, К.Бионика — жаратылыш перзенти. – Фрунзе: «Мектеп», 1980. - 152 б.]. Автордун пикиринин чындыгы бар, себеби биз билгендей алгачкы коомдо жаныбарлардын үн чыгаруусунан адамдар сүйлөштү, инстинктик коргонуудан үй-жай салууну үйрөнүшкөн. Демокриттин көз карашына үндөштүктү кыргыз элинин макалдарынан да табууга болот: «Булбул – куштун акыны, чыйырчык – куштун чечени, көгүчкөн – куштун акылы» демекчи, таанып-билүүдө байыркы адамдардын табият жаныбарларына ар бирине өзүнчө маани берип, алардын жүрүм-турумуна жараша, үн чыгаруусуна карап салыштырмалуу мүнөздөшкөн. Адамдардын мүнөзүн жаныбарлардын сапаттык жогорку көрсөткүчтөрү менен байланыштырып, адамды табияттын бир бөлүгү экендигин далилдөөгө далалат жасашкан. Ошондуктан алардын эмпирикалык билимдери күнүмдүк-практикада текшерилип, табиятка этият мамиленин негизинде экологиялык аң-сезимди калыптандырган.

Демейки таанып-билүүнүн функциясы практиканын жүрүгүзүлүшүндө керектүү нерселерге, кубулуштарга толук кандуу көңүлдүн коюлушу менен анын үйрөнүлө элек же билинбеген жактарын өздөштүрүүгө мүмкүндүк жаралат. Ошондой эле бул ишмердиктин тажрыйбада кайталанып аткарылышы, ошол нерселер жөнүндөгү элестердин сакталып калышын камсыздап турат. Ошондой эле учурдагы буюмдардын сапаттык бөлүктөрүнүн улам таанылышы, анын башка нерселер менен байланышын байкап, алардын өздөштүрүлгөн касиеттерин салыштыруудан келип чыгат. Башкача айтканда, дүйнөдөгү нерселердин объективдүү болмушуна ишенишкен. Анын арасында жандуу жана жансыз табияттагы өз алдынчалыкты, системалык өнүгүүнү эске алышкан.

Таанып-билүүдөгү экосистеманы климаттык өзгөрүүгө байланыштыруу салттуу эрежеге айланган. Мисалы, жөргөмүштүн ыкчамдап шамдагай иштеши ачык жылуу күндү билдирет, чымын-чиркейлер адамды, малды тажаткыча тынчын алса, жамгырды билдирет, кумурсканын уясына жашынышы ─ катуу жамгыр, күлгүн түстүү гүлү бар кожогаттын гүлү ачык түстө кулпуруп, ачылып турса, күн ачык болот. Гүлүнүн түсү байкалбай жабылып турса, анда көп узабай жамгыр жаашы күтүлөт. Эгерде жамгыр себелеп жаап турган кезде кыкчы коңуздардын учуп келе баштаганы байкалса, жамгыр көп узабай басылат. Кээде күндүн чайыттай ачык болгонуна карабастан, кыкчы коңуздар көрүнбөйт, анда жамгыр болушу күтүлөт. Мындай кубулуштарды Д.Айтмамбетов да тастыктаган: «Курт-кумурскалардын кайрадан туруусунан жана уктоосунан, өсүмдүктөрдүн гүлдөшүнөн жана өсүүсүнөн же жалбырактардын пайда болуусунан жана түшүүсүнөн, куштардын учуп келүү, кетүү мезгилдеринен жана алардын

жүрүм-турумунан, биринчи жана акыркы күндүн күркүрөөсүнөн жана чагылгандан жана башка жаратылыш кубулуштарынан жаз, күз, кыш айларынын келе турган убактары тууралуу аныктоочу бир канча белгилерге ээ боло алышкан» [Айтмамбетов Д. Культура киргизского народа во второй половине XIX и начале XX  века [Текст] / Д. Айтмамбетов. Из-во «Илим». ─ Фрунзе. 1967. -310 с]. Автордун пикирине ылайык, дүйнөнү таанып-билүүдө кыргыздардын эмпирикалык билимдери рационалдуулукка жол ачуучу негиз боло алган. Анткени бардык жогорудагы көрүнүштөр реалдуу образдардын жыйындысын билдирет. Илимий таанып-билүүдө ушундай визуалдык көрүнүштөрдү сүрөттөп жазып алуу талап кылынат. Табият кубулуштарынын детерминанты эмпирикалык жана териялык деңгээлдердин байланышынын изилденүүсүнөн пайда болот. Ошондуктан таанып-билүүдө жандуу кабылдоонун ой жүгүртүүгө шарт түзүп бериши, кыргыздардын күнүмдүк жашоосун чагылдырган эгин өндүрүү, мал чарба иш-аракеттери аркылуу тыгыз мамиледе болуп, алардын климатты таамай, зээндүүлүк менен үйрөнүшүнө түрткү болгон. Мисалы, жамгыр болордун алдында абанын нымдуулугу артат да, курт-кумурскалар оор тарткан канаттарын көтөрө албай кулайт. Өзгөчө суу бетине гравитациянын күчү менен кулаган курт-кумурскаларды көп көрүүгө болот. Учурдан пайдаланып балыктар кулап түшкөн курт-кумурскалар менен азыктанышат. Чабалекей жамгыр жаарда жапыз, күн ачыкта асманга бийик көтөрүлүп учат. Мышык мурдун бооруна катып уктаса жамгыр жаайт, таманын жалап, бетин жууса, күн ачык болот деген сыяктуу эмпирикалык билимдер болжолдуу байкоонун жыйынтыгын туюнтат. Бул экспликациялык мазмун «чөптөн жылан уу жасайт, аары бал жасайт», «чымчык учса чий калат, өрдөк учса көл калат», «чымындуу жерде курт күчөйт, ырымдуу жерде дарт күчөйт», «шумкардан карга, каргадан шумкар туулбайт» деген элдик макалдарда да кездешет. Демек, дүйнөнү таанып-билүүдө салттуу билимдерде чындыкка дал келген адекваттуу өңүттөр бар экендигин эч ким тана албайт.

Дүйнөнү таанып-билүүдө кыргыздардын космологиялык билимдери астрономия илиминин өзөгүн түзгөн. Ааламды системдик түшүнүүгө аракеттин жасалышы, күнүмдүк турмуштагы керектөөлөрдөн келип чыккан. Ошондой эле мал чарбасынын өнүгүүсү аба ырайы менен байланыштырылып, космоско көз салууга аргасыз кылган. Экинчи жагынан асман телолорунун түнкү коздугу да өзүнө бурган. Мында жылдыздарды мүнөздөп, ар биринин спецификалык өңүтү эске алынган. Бул туурасында А.Байбосунов мындайча белгилейт: «Жетиген жылдызы, белгисиз багытка саякатка чыгууда жана аң уулоодо жол көрсөтүүчү деңгээлге ээ болгон» [Байбосунов, А.А. Донаучные представления киргизов о природе [Текст]: Монография / А.А.Байбосунов. – Ф: «Мектеп», 1990. – 184 б.]. Изилдөөчүнүн пикиринде, таанып-билүүдө кыргыздар сезимдик байкоонун эсебинен жылдыздардын жайгашуу ордуна карап, жер тилкесинин издеген бөлүгүн табууга мүмкүндүктөрү болгондугу тастыкталат. Илгери карта, компас болбогондугуна байланыштуу асман телолоруна, табият кубулуштарына

көңүл буруп, алардын обочо касиеттерин таап, күнүмдүк жашоодо колдоно билишкен. Демек, дүйнөнү таанып-билүүдө кыргыздар Үркөр, Кутпа-Жетиген, Сары жылдыздарын (Чолпон) убакытты, багытты билдирүүчү табигый саат катары пайдалана алышкандыгын көрсөтүүгө негиз бар.

Ал эми Тараза жылдызы «Манас» эпосунда мындайча баяндалат:

Супа саадак чалыптыр,
Тараза жылдыз бириндеп,
Бирөө калбай батыптыр. [Манас: Эпос / Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. I – китеп.].

Мында таңдын атышы, Тараза жылдызынын көрүнбөй калышы менен мүнөздөлөт, бул кубулуш илимде, күн нуру чыга баштагандагы асманда жылдыздардын байкалбай калышы менен түшүндүрүлөт.

Таанып-билүүдө асман менен жерди байланыштыруу менен жердин рельефине байкоо жүргүзүшкөн. «Манас» эпосундагы жердин түзүлүшү жөнүндөгү идеяларды анализдөө менен тектоникалык кыймылдар жана метаморфизмдин өнүгүүсүнө зор салым кошкон илимпоздор А.Бакиров, К.Осмонбетов «Жер бети, анын астындагы жүрүп турган геологиялык кубулуштардын «Манас» эпосунда чагылышы, илимий көз караш менен бекемделип, чечмеленип берилген» деп белгилейт. Чындыгында геологиялык билими жок адам эпостогу образдуу сүрөттөлүштү апыртмалуу көрүнүштөр деп эсептеши мүмкүн. Бирок андай эмес экендигин өзүбүз да моюнга алуу менен «Манастан» үзүндү келтирүүгө болот:

Тоо бузулуп сай болду,
Сай козголуп тоо болду.
Аты калып өзү жок,
Ар канча деңиз жоголду [Бакиров А., Осмонбетов К. Жер жөнүндөгү илимдер жана «Манас» [Текст] Манас Энциклопедиясы: 1-т. / А. Бакиров., К.Осмонбетов. Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы «Мурас». − Бишкек, 1995. – 698 б.]. Мында көп жылдар ичиндеги жердин рельефинин өзгөрүшү мыйзам ченемдүү экендигин далилдеп, рационалдуу көз караштардын синтезделишин байкоого болот.

Ошентип, кыргыз элинин салттуу билимдеринин философиялык түшүнүктөрүнө проекциясы, алардын табият, анын кубулуштары менен байланышын элдик оозеки чыгармаларда чагылдырып, андагы эмпирикалык менен теориялык деңгээлдердин диалектикалык карым-катнашын мүнөздөйт.

Экинчи баптын экинчи параграфы **«Манас» эпосундагы салттуу билимдердин теориялык деңгээлге интерпретацияланышы»** деп аталат. Таанып-билүүдө элдик оозеки чыгармалардан «Манас» эпосу өзгөчө орунга ээ. Анын маңызы байыркы кыргыздардын терең философиялык ой жүгүртүүлөрүнөн жаралган. Ошондуктан эпостогу дүйнөгө болгон көз караштарды илимий теске салуу маанилүү.

«Манас» эпосундагы философиянын категориялары табияттын объективдүүлүгү, өнүгүү, кыймыл, карама-каршылыктын биримдиги, сапаттын ички байланыштарын эмпирикалык деңгээлдин негизинде ажырата

билүүлөрү өзгөчө мааниге ээ. Аалам жөнүндөгү философиялык ой чабыттары күнүмдүк тажрыйбада эстетикалык табитти, этностук психологияны, үрп-адат, каада-салттарын өзүнө камтыган. Таанып-билүүдө мына ошондой эмпирикалык билимдердин жогорку деңгээлдерде чагылдырылышы «Манас» эпосунда даана байкалат. Эпос окуяларга бай реалдуу образдар менен көркөмдөлүп, анда табият, адам, коом болмушу толук кандуу чагылдырылган.

Дүйнөнү таанып-билүүдө кыргыздардын салттык билимдеринин арасынан, күнүмдүк практикага керектелүүчү буюмдарды өндүрүүдө эмпирикалык билимдердин салымы зор. Анын басымдуу бөлүгүн металл өндүрүү жана аны иштетүү түзгөндүктөн, бул элдик оозеки чыгармалардын мазмунунда дагы орун алган. Айтсак, «Алтындын баасын зергер билет, бутанын баасын мерген билет», «Устадан шакирт өтөт», «Устанын колу гүл» деген макалдарда өнөрлүү адамдарга жогору баа берилген. Бул макал-ылакаптарда таанып-билүүдө ар бир кесип ээлери, өзү тандаган багыттын башчысы болуп, алардын ишмердигинин тактыгын, сапаттуулугун эл баалайт деген көз караш билдирүүгө далалат жасалган. Ошондуктан таанып-билүүдө кыргыздарда илгертеден өнөрлүү адамга чоң баа берген.

Душманга каршы күрөшүүдө жоокердин эр жүрөктүүлүгү, анын ар кандай согуш куралдарын чебердик менен колдоно билүү деңгээли менен мүнөздөлүп келген. Адатта негизги куралы болуп темирден жасалган кылыч болгондуктан, ал элдик оозеки чыгармаларда көп кездешет. С.Каралаевдин варианты боюнча Манас атасы Жакыпка таарынып жер кезип кетип, Боз-Талаага Баба дыйкандын жардамы менен эгин эгип, зор түшүм алып, анысын Карача канга Аккулага алмашып, кайтып келе жатканда, астынан ак сакалдуу дубана жолугат. Ал Манасты нечен жыл күтүп жүргөндүгү жөнүндөгү эпизоддо төмөнкүдөй баяндайт:

Кудай сүйгөн алты курч,
Асмандан түштү атайын.
Арыстан сенин өзүңө,
Берейин деп келемин [Манас: Эпос / Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. ТАИВ. Ивн. № 507., № 502.].

Дубана асмандан атайы түшкөн алты курчтун маанисин, касиетин сыпаттап айтып, Манаска алты курчту тапшырып, андан ары сөзүн улантат:

Асмандан түшкөн алты курч,
Кайыптан кылыч табылган.
Калкта болбой мындай иш.
Алты курчтун ичинде,
Кылычтын кындуу ыктуусу,
Баарысынан өткүрү [Манас: Эпос / Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. ТАИВ. Ивн. № 507., № 502.].

Мында темир металлынын асмандан түшкөндүгү «Асмандан түштү атайын», «Асмандан түшкөн алты курч» деген сөз тизмектеринде эске салынат. Дүйнөнү таанып-билүүдөгү бул көз караштын башаты, темир

затынын асмандан түшкөндүгү жөнүндөгү ойду жаратат. Бул түшүнүктөр «Кыргыздар» деген эмгектин IV томунда төмөндөгүдөй берилет: «Ар ирет жамгыр жааганда темир пайда болуп, аны терип жыйнап, ага «кешек» деп ат коюшкан. Андан жасалган шамшар, кылычтар өтө курч болот» [Кыргыздар. «Кыргызстан-Сорос фонду». — Б: 1996. – 640 б.]. Мында таанып-билүүдө байыркы кыргыздар темирге окшогон заттарды таап, алардан жасалган буюмдар бекем, курч боло тургандыгы далилденген. Дүйнөнү таанып-билүүдө жаратылыш кубулуштары ар түрдүү себептик натыйжага ээ боло алат. Анткени аалам бир системадагы айланып туруучу процесс экендиги анын объективдүүлүгүндө жатат. Ошондуктан таанып-билүүдөгү темир металлынын асмандан түшүүсү, чындыкка жакын келүүчү феномен деп айтууга негиз бар. Анда дүйнөнү таанып-билүүдө, кыргыздар метеориттер менен тааныш болушкандыгы байкалат. Азыркы илимий изилдөөлөр боюнча «асмандан жааган темирди» деген түшүнүктөргө окшош процесс катарында метеоритти эсептөөгө болот. Метеорит учуп бара жатып эрийт да, анын тышкы катмары карарып калат. Ошондой эле метеориттердин таш, темир жана таш-темир болгон үч түрү болуп, өзгөчө темир метеориттердин көп кездешкендиги жөнүндөгү маалыматтар илимий далилдерде бекемделүүдө.

Р.Сарыпбековдун «Манас» эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы» деген эмгегинде бул тууралуу өзүнүн жүйөөлүү пикирин билдирген: «Кебетеси, алгачкы адамдар темир метеор менен тааныш болушкан. Буга далил катары байыркы элдердин тилдеринде метеордун аталышын көрсөтсөк болот. Байыркы египеттиктерче «бени-пет» (асман темири); байыркы грекче sideros латынча sidus (жылдыз, асман телосу); биздин эрага чейинки XIV кылымдагы хеттердин жазмасында темир асмандан түшкөн метеор түшүнүктөр катары эскерилет. Байыркы кыргыздарда метеор менен тааныш болушканы жана жогоруда аталган элдердин тилдериндеги сөздөргө жакын мааниде аташканы эмгектерде белгиленип жүрөт» [Сарыпбеков, Р. «Манас» эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы [Текст] / Р. Сарыпбеков. – Фрунзе: «Илим», 1987. – 122б.]. Автордун пикирине ылайык, дүйнөнү таанып-билүүдөгү жаратылыш, адам, коом болмушунун изилдениши, алардын субстанциясы жөнүндөгү көз караштар антикалык грек ойчулдары тарабынан калыптандырылгандыгы белгилүү.

Ал эми географиялык чөйрө, көчмөн кыргыздардын күнүмдүк жашоосундагы үй чарбасына, дүйнөгө болгон көз караштарына гана эмес, алардын элдик дарылоо өнүгүнө да таасирин тийгизген. Дүйнөнү таанып-билүүдөгү элдик жана салттык медицинанын өнүктүрүлүшү, адамдарды табиятты терең өздөштөрүүсүнө түрткү берген. «Элдик медицина мааниси боюнча кенен жана байыркы тарыхый түшүнүк. Салттык медицина конкреттүү жана тарыхы боюнча жашыраак, тарыраак маанидеги түшүнүк» [Абдумаликова, И.А, Ишекеева, А.М.О кыргызской народной медицине и ее проблемах [Текст] / И.А.Абдумаликова., А.М.Ишекеева // Проблемы и вызовы фундаментальной и клинической медицины в XXI веке (сборник

научных статей, посвященный 70-летию Победы в Великой Отечественной войне, выпуск 15).КРСУ. ─ Бишкек, 2015. – 496 с.]. Таанып-билүүдөгү элдик медицина, илгертен коом арасынан суурулуп чыккан дарыгерлердин үйрөнүп келген ыкмалары менен адамдарды кароо иш-аракеттери саналат. Этникалык байланышта тандалып алынган эффективдүү медициналык усулдар болот. Салттык медицина ар бир элдин шайкештигине ээ болгон, этностук мүнөздөгү бөлүк. Таанып-билүүдө салттуу медицинанын өнүгүүсү бир калыпта кеткен эмес, ал жашоосунда көптөгөн тоскоолдуктарга дуушар болгон. XII - XIII кылымдан XIX кылымдын 60-жылдарына чейин Орто Азияда, анын ичинде Кыргызстанда медициналык билимдердин начарлашы байкалган. Анын себебин бүтүндөй Орто Азия чөлкөмүн монголдордун басып алууларынан жана ошол кездеги маданияты жогорку деңгээлге жеткен мамлекеттердин кыйрашынан көрүшкөн. Ошондон улам, салттуу медицинадагы эмпирикалык билимдердин улуттар арасында синтезделип калган структуралык мазмундагы бөлүктөрүн элдик медицинадан көрүүгө болот. Медицинадагы салттуу билимдердин өнүгүү эволюциясынын татаалдыгы, этностук дарылоодогу таасирленүүдөн, оорулууну кароо ыкмаларынан учурайт. Көчмөн элдерде, анын ичинде кыргыздарда дарыгерликти негизинен табыптар, сыныкчылар, укалоочулар салттуу медицинанын негизинде жүргүзүшкөн [«Манас» энциклопедиясы. – Б.: Кыргыз Энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1995. 2-т: “Манастын сюжети – Ярупа. 1995 – 432 б.]. Байыркы кыргыздарда сыркоолоп калса, эл арасында калыптанып калган тамыр кармап билген, шак-шак койгон жана башка адамдарга кайрылуу адатка айланган. Ошондой эле таанып-билүүдө ата-энеси дарылоонун кайсы ыкмасын билсе, аны балдарына үйрөтүп, ошол өнөрдүн учук улоосун камсыз кылып турган. Бул этностук шайкештиктин сакталышын түптөп, таанып-билүүдө салттуу билимдердин туруктуу болушун бекемдеген.

Экинчи баптын үчүнчү параграфы **«Салттуу билимдердин эволюциясындагы өтүүчүлүктүн функциясы»** деп аталып, анда демейки-практикада атадан-балага өтүп турган билимдердин системасынын маңызына көңүл бурулат.

Салттуу билимдердин өнүгүү эволюциясы дүйнө жөнүндөгү эмпирикалык билимдердин системасынан туруп, өтүүчүлүктүн проекциясында болгон процесс. Таанып-билүүдө салттуу билимдер этникалык шайкештикти рефлексиялаган кадимки-практикалык билимдердин жыйындысы жана бул жаңы билимдердин тобу. Салттуу билимге бир катар окумуштуулар изилдөө жүргүзүп, ага аныктама берүүгө аракет жасашкан. Алардын арасынан профессор Ж.Бөкөшовдун «Окуя өтөт ой калат» деген эмгегинде: «Кыргыз салт билими» илимдеги жаңы түшүнүк десек туура болот, («традиционные знания», traditional knowledge») деген категория жаңы социалдык, экономикалык, маданий алкакта, жаңыча методологиянын негизинде, өзгөчө концепциялык өңүттө кыргыздардын илгертен келе жаткан билим-түшүнүгүн, ой-санаасын, турмуш тажрыйбасын,

улуттук мурасын башкача көз караш менен карап, жаңы өңүттөрүн, көмүскө жактарын көрүүгө мүмкүнчүлүк ачып отурат» [Бөкөшов, Ж. Окуя өтөт, ой калат [Текст] / Ж. Бөкөшов. – Б.: 2013. «Бийиктик», − 328б] деп белгилеген. Автордун пикирине таянып, салттуу билим илгертен күнүмдүк тажрыйбалардан чогулган билимдердин ээсин, кайсы бир улуттун менталитетин, дүйнөгө болгон көз карашын, ой жүгүртүүсүн, мүнөзүн талдоого алып, аны жаңы ыкмада изилдеген түшүнүк деп айтуу туура. Салттуу билимдерде элдин өздүк билимдеринин муундан-муунга өтүп келүүсү сапаттык маңызга ээ боло алат. Таанып-билүүдөгү салттуу билимдердин өтүүчүлүктөгү орду, алардын туруктуулук, сакталуу, ырааттуулук категориялары менен мүнөздөлүүшүндө турат.

Таанып-билүүдө салттар улуу муундар тарабынан топтолгон баалуулуктар, билимдер, эмгек жөндөмдөрү, карым-катнаш мамилелери, каада-салт, үрп-адат сыяктуу социомаданий мурастын объектилерин камтып, сактап жана өткөрүлүп берилет. Ошондуктан бул процесс өтүүчүлүктүн туруктуу формасы катары аныкталып, ага тиешелүү болгон белгилерди камтып турат. Элибиздин күнүмдүк аң-сезимине сугарылган мурасты муундан-муунга өткөрүү салттарынын үзгүлтүккө учурабай нукура менталитеттин так сакталышы, таанып-билүүдөгү байыркы кыргыздардын эмпирикалык билимдеринин илимий талдоого алынуусунда олуттуу таасирин тийгизүүдө десек жаңылышпайбыз. Мындай билимдердин өтүүчүлүктөгү позитивдүүлүгү, сапаттык туруктуулуктун сакталышы, өзгөрүү динамикасына ээ болуу, тануу жана жаңынын пайда болуу этаптары менен мүнөздөлөт.

Ал эми таанып-билүүдөгү элдик оозеки чыгармалардагы өтүүчүлүк процесси, сакталууну, өзгөрүп турууну, танууну, алып салууну, трансформация кыймылдарын камтып, маанилүү идеялардын муундан-муунга берилишинде чоң ролду ойноду. Таанып-билүүдөгү өтүүчүлүк категориясы тез арада калыптанып калган эмес, бул кубулуш улам жаңы нерселердин жаралуусунда эскинин фундаменталдык функциясынын негизинде ишке ашып турган. Ошондуктан таанып-билүүдө өтүүчүлүк түшүнүгүнүн калыптануу тарыхы узак убакыт аралыгында толукталып, такталып, илимдин философиясындагы инновациялык билимдердин методологиялык байланышын түптөп, дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшүн өздөштүрүүдө орчундуу орунду ээлөөдө [Арзыматов, Ж.С. Тануу менен өтүүчүлүктүн диалектикасы [Текст] / Ж.С Арзыматов. –Б: Монография, 2017. – 322 б.]. Автордун пикирине ылайык, таанып-билүүдөгү өтүүчүлүктүн онтогенези менен герменевтикасы илимий революцияга, адашууга туш болуп, кылымдардан бери келе жаткан эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин диалектикалык байланышындагы экспликацияны берген. Ошентип таанып-билүүдө элдик оозеки чыгармалардагы салттуу билимдердин рационалдуулугу өтүүчүлүк механизминин негизинде ассимиляцияланат.

Өтүүчүлүк эволюциясындагы баалуу мурастардын бири деп, көчмөн кыргыз элинин эмпирикалык билимдеринде табият мыйзамдарын өздөштүрүп, анын логикалык өңүтүн туура колдонгон объекти бул – «Боз үйдү» билсек болот. Таанып-билүүдө «Боз үй» элибиздин материалдык жана руханий болмуштун карым-катнашын түзүп, күнүмдүк практикада оптималдуу жашоонун маңызын берген. Таанып-билүүдө «Боз үйдү» изилдөөдө татаал структураны алуу, жаңылануунун багытын көрсөтүп, анын дисциплиналар аралык байланышын күчөттү десек жаңылышпайбыз.

Таанып-билүүдө рационалдуу курулган «Боз үй» аз убакыттын ичинде тигилип, кайра жыйналуу артыкчылыгына ээ. Кыргыздардын салттуу маданиятынын символикалык маанисин чагылдырган бул турак-жайдын сыры курулуш материалында жана анын кандайча тургузулгандыгында эсептелет. С.М.Абрамзондун изилдөөсү боюнча: «Тоолуу шарттарда көчмөн малчылык менен илгертеден кесиптенген кыргыз уруулары мындай шарттарда өтө эле ыңгайлуу көчмө туруктун тибин иштеп чыгышкан. Аны оңой эле чечип, унаага жүктөп, кайрадан тигүү жеңил болгон» [Абрамзон, С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер [Текст] / С.М.Абрамзон. – Б: «Кыргызстан – Сорос» фонду. 1999. – 896 б.]. Мында кыргыздардын ой жүгүртүүсү сырткы дүйнөнүн реалдуу кубулуштарына дал келтирилип, ар түрдүү табият кырсыктарына жооп катары даярдалган «Боз үйдүн» практикалуулугу баса белгиленет. Таанып-билүүдө географиялык чөйрөнү эске алып, талааларда көчүп жүрүүчү уруулар боз үйдү жапыз, ал эми тоолуу жерде бийик формада тигишкен. Анткени, шамалдын келүү багытына каралган. Азыр боз үйдүн аналогунда курулган турак-жайлар кайталанбас эскинин жаңы талаптарга ыңгайлашуу, табият кубулуштарына туруштук берүүчү туруктуу. Таанып-билүүдөгү боз үйдү курууда керектелүүчү ар бир бөлүк өзүнчө спецификалык билимди талап кылат. Башкача айтканда күнүмдүк байкоо, тажрыйбанын системасынын жыйынтыктарына ээ болуп, салттуу билимдердин маңызын берет. Бул процесс муундан-муунга өтүп келген билимдердин илимий герменевтикаланышында, дисциплина аралык изилдөө объектине айлануу мүмкүндүгүн ала алат. Ошондой эле көп жактуу илимий талдоого багытталат. Таанып-билүүдө боз үйдүн баалуулугун түшүнүп, даңазалоодо коңшу элдер да четте калган эмес. Бул тууурасында VIII кылымда Таң доорунун жашоочусу, кытай акыны Бо-Цзюйинин «Боз үй» аттуу ырындагы, анын артыкчылыгын баалап, чебер кол өнөрчүлүктүн такшалган жөндөмүнөн жаралган табылга экендиги тастыкталган:

Болбойт экен дубал, бурчу боз үйдө.
Бирок ичи жайлуу, жылуу мемиреп.
Боз үйүмдү бороон уруп кете албайт,
Кийизинен бышырылып басылган
Нөшөрлөгөн жамгыр суусу өтө албайт,
Айлуу түндүн көркүн ачып атайын,
Көк боз үйүм жакшынакай жарашык.

Жүн кийизди кыроо баспайт түк дагы
Кыш-кыроодо күн бүркөлсө түнөрүп.
Жылуулугу жан жыргатып көшөлтүп
Жерге тегиз мамык талпак төшөлгөн [Жусупов, К. Байыркынын издери [Текст] / К Жусупов. – Бишкек, 2001. – 448 б. ]. Бул саптарда боз үйдүн жасалышынын практикалык мааниси жогору бааланган.

Демек, көчмөн кыргыз элинин салттуу билимдеринин өтүүчүлүктөгү ролу, андагы дүйнөнү таанып-билүүдөгү эмпирикалык жана теориялык деңгээлдеринин диалектикалык маңызын илимий талдоодо муундан-муунга жеткирүү гана эмес, бул билимдердин ачыла элек өнүттөрүнүн үстүнөн изилдөө жүргүзүп, коомдун өнүгүүсүндө колдонуу чөйрөсүнүн зарылдыгы арбын экендигин таанытуу болуп саналат.

## КОРУТУНДУЛАР

Корутундуда төмөндөгү жыйынтыктар чыгарылды:

1. Коомдук аң-сезимдин структурасында эки деңгээл — демейки аң-сезим жана теориялык аң-сезим болуп бөлүнөт. Теориялык деңгээлде илим менен идеологияда берилген, демейки аң-сезим деңгээлинде эмпирикалык билимдер менен коомдук психологияда берилген. Илим жана эмпирикалык билим таанып-билүүчү аң-сезимге тиешелүү, идеология жана коомдук психология — баалоо аң-сезимине тиешелүү. Бул компоненттердин биригүүлөрү дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшүн берет.

2. Демейки деңгээлде таанып-билүү бизге эмпирикалык билим катары берилген. Демейки-эмпирикалык билимдер чөйрөсүнө бардык илимге чейинки жана илимий эмес билимдер кирет. Эмпирикалык билимдердин мазмуну тажрыйбадан, күнүмдүк жашоодон алынган, бирок рационалдык жактан иштелип чыгат жана тилде берилет. Сезимдик менен рационалдык таанып-билүүлөрдүн формалары эмпирикалык менен теориялык деңгээлдердин зарыл учуру болуп эсептелет, анда сезимдик таанып-билүү эмпирикалык баскычты камсыз кылат, ал эми рационалдуулук – теориялыкты. Бул таанып-билүүнүн эмпирикалык жана теориялык деңгээлдерин калыптандырат. Ал эми булардын диалектикасы, таанымдын онтологиялык методологиясында негизги ролду ойнойт.

3. Миф – дүйнөнү таанып-билүүнүн алгачкы формасы катары, «баёо реалисттик» мүнөздөгү стихиялык-материализмдин чагылуусун шарттайт. Кыргыз мифтериндеги эркин ой жүгүртүү, өзүн табияттын бир бөлүгү экендигин кабыл алуулары, салттуу моралдык-этикалык нормалардын жана рационалдуулуктун субстанциясынын фундаментин берген. Дүйнөнү фантастикалык кыялданууда, материя менен болмуштун карым-катнашынын эсебинде логикалык-гносеологиялык таанып-билүүгө өбөлгө болот. Мифтик таанып-билүүдө жараткандын императивдик интерпретацияланышы, дүйнөнүн реалдуу сүрөттөлүштөгү структуралык бөлүгүнө ээ. Байыркы кыргыздардын мифтик көз караштарынын символикалык жана синкреттик

образдарда түшүндүрүлүшү, дүйнөнү рационалдуу рефлексиялоо өнүтүнүн пайда болушуна детерминант болгон.

4. Байыркы адамдардын көнүмүш жашоосундагы синкреттик таанып-билүүдө инстинктивдүү жана шартсыз рефлексттик элементтер формасын өзгөртүп отуруп, мазмундук түшүнүктөргө жеткен. Алгачкы коомдун таанып-билүүсүндөгү синкреттик салттык адаттар, «элдик салттык оюндар» менен тамырлаш десек жаңылышпайбыз. Дүйнөнү таанып-билүүдө алгач элдик оюндар кармашууда, аңчылыкта ийгилик алып келүүчү, ооруларды дарылоодо, жамгырды чакыруу жана жакшы түшүм берүүгө арналган диний-магиялык салттардын ролун аткарган.

5. Дүйнөнү таанып-билүүдөгү кыргыздардын оозеки чыгармаларындагы субъективдүү көз караштардын эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин байланышында талдоого алынуусу, табияттын адекваттуу чагылуусун берет. Таанып-билүүдө байыркы кыргыздардын табияттын объективдүүлүгүн түшүнүү менен, ага этият мамиле жасоодон экологиялык аң-сезимдин калыптануусуна шарт түзүлгөн.

6. Салттуу билимдердеги космологиялык көз караштар, астрономия илиминин фундаментин түзөт. «Манас» эпосундагы жердин рельефинин сүрөттөлүшү, геотектоникалык билимдерге дал келет. Таанып-билүүдө кыргыздардын өсүмдүктөр дүйнөсү (флора), эстетикалык мааниге ээ. Таанып-билүүдө байыркы кыргыздар жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн сырткы чөйрөгө жасаган мамилелеринен, аба ырайын алдын ала болжой алышкан. Аба ырайы атмосферадагы абанын температурасы, нымдуулугу, басымдын өзгөрүшү, туман, жаан-чачын, шамал метеорологиялык кубулуштардын жыйынтыгы менен белгиленет. Анын өзгөрүшү Күн энергиясы менен Жер бетинин өз ара тийгизген таасиринен пайда болуучу физикалык процесстерге, абанын циркуляциясына жана башка факторлорго көз каранды.

7. Таанып-билүүдө «Манас» эпосундагы салттуу билимдердин калыптанышы этностук байланышка жана эпосту трансляциялаган манасчылардын көз карашына таандык. «Манас» эпосундагы металл өндүрүү, андан курал-жарак, буюмдарды жасоо, кыргыздардын нукура өнөрүнүн эмпирикалык билимдердеги рационалдуу рефлексияланышын берген. Таанып-билүүдө байыркы кыргыз эли биздин заманга чейин VII-II кылымдарда темир металлынын онтогенезин болжолдуу аңдап, метеорит түшүнүгү менен тааныш болушкан. Дүйнөнү таанып-билүүдө элдик жана салттык медицина өз ара дилеммалык жана интеграциялык байланышта турат. «Манас» эпосунда элдик жана салттык медицинадагы дарылоо тажрыйбаларынын топтолушу, дары чөптөр менен дарылоонун сапатынын жогорулашын, травматология, хирургия илимдеринин пайдубалын түзгөн.

8. Дүйнөнү таанып-билүүдө салттуу билимдердин өтүүчүлүк проекциясында өнүгүү, келечек муундардын прогрессивдүү альтернативасын берет. Таанып-билүүдө салттар улуу муундар тарабынан топтолгон баалуулуктар, билимдер, эмгек жөндөмдөрү, карым-катнаш мамилелери,

каада-салт, үрп-адат сыяктуу социомаданий мурастын объектилерин камтып, сактап жана өткөрүлүп берилет. Ошондуктан бул процесс өтүүчүлүктүн туруктуу формасы катары аныкталып, ага тиешелүү болгон белгилерди камтып турат. Илим тажрыйбада текшерилген салттуу билимдер менен байланышта, аларды рационалдаштыруу аркылуу коомдун андан ары ырааттуу өнүгүшүнө түрткү болот.

9. Ааламдашуу мезгили цивилизациянын жогорку деңгээлдерине жетүү менен мүнөздөлүп, ошол эле учурда коомдун жашоосунда, глобалдык маселелердин чечилүү талабынын ылдамдатылышы аркылуу коштолууда. Бир тараптан, санариптештирүү адамдын эпистемологиялык баалуулугун көтөрсө, экинчи өңүттөн, ааламдык кризистин жандануусун шарттоодо. Ошондуктан таанып-билүүдө бул маселелердин жообун салттуу билимдерден издөөнү көптөгөн окумуштуулар туура көрүшүүдө. Анткени кыргыздардын дүйнө таануусундагы обочолонуу, бизди курчап турган жаратылышка болгон этият мамиледен башталат.

**Диссертациялык иштин негизги жоболору автордун төмөнкү жарыяланган эмгектеринде чагылдырылды:**

1.Юсупова, Р.О. Проблема человека в средневековой мусульманской философии[Текст] ⁄ Р.О.Юсупова, Э. Жоробекова ⁄⁄ Философия илимдеринин доктору, профессор Ж.Жаныбековдун 70 жылдык маарекесине арналган «Кыргыз философиясынын актуалдуу проблемалары» аттуу регионалдык илимий-практикалык конференциянын материалдарынын жыйнагы. – Ош, 2002. – 86-92-бб.

2. Юсупова, Р.О. Маданияттын мамлекеттүүлүктү бекемдөөдөгү ролу [Текст] ⁄ Р.О.Юсупова, А.К.Мурзакматов ⁄⁄ Вестник ОшГУ. – Ош, 2014. − №4. – 199-202-бб.

3. Юсупова,Р.О. Эмпирические знания кыргызского народа в познании окружающей среды [Текст] ⁄ Р.О.Юсупова, Ж.С.Арзыматов ⁄⁄ Хабарлары. Серия общественных и гуманитарных наук. − Алма-Ата, 2015.− №4. − 180-184-бб. www:nauka-nanrk.kz/social-human.kz

4. Юсупова, Р.О. Кыргыздардын этноэкологиялык көз карашы [Текст] ⁄ Р.О.Юсупова ⁄⁄ И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы. – Бишкек, 2015. – 458-463-бб.

5. Юсупова, Р.О. Диалектика эмпирического и теоретического познания [Текст] ⁄ Р.О.Юсупова, В.А.Чумаков ⁄⁄ Архивариус. Научные журналы «Наука в современном мире». – Киев, 2015. – 70-74-бб. www.archivarius.org.ua

6. Юсупова, Р.О. Эмпирическое и теоретическое познание кыргызского народа [Текст] ⁄ Р.О.Юсупова ⁄⁄ Современная наука: тенденции развития. Материалы XI Международной научно-практической конференции. – Краснодар, 2015. − 8-15-бб. www.apriory-nauka.ru

7. Юсупова, Р.О. Азыркы мезгилдеги табият таануунун концепциялары [Текст] ⁄ Р.О.Юсупова, О.К.Юсупов ⁄⁄ Окуу- китеби. – Ош, 2016. − 220бб.

8. Юсупова, Р.О. Ж.Баласагындын «Куттуу билим» чыгармасындагы эмпирикалык түшүнүктөр жана алардын рационалдык деңгээлде интерпретацияланышы [Текст] ⁄ Р.О.Юсупова ⁄⁄ Вестник ОшМУ жарчысы Илимий журналы. – Ош, 2016. − 275-279-бб.

9. Юсупова, Р.О. Дүйнө таанымдагы этнобиологиянын жана этнокосмологиянын рационалдык деңгээлде чагылуусу [Текст] ⁄ Р.О.Юсупова, О.К.Юсупов ⁄⁄ Вестник ОшМУ жарчысы Илимий журналы. – Ош, 2017. − 220-222-бб.

10. Юсупова, Р.О. Кыргыз элинин медицина тууралуу эмпирикалык билимдери [Текст] ⁄ Р.О.Юсупова, Т.Ж.Осмонов ⁄⁄ Вестник ОшМУ жарчысы Илимий журналы. – Ош, 2017. − 223-226-бб.

11. Юсупова, Р.О. Мифология дүйнөгө болгон көз караштын баштапкы формасы катары [Текст] ⁄ Р.О.Юсупова ⁄⁄ Ош мамлекеттик университетинин жарчысы. – Ош, 2018. − № 3. – 150-154-бб.

12. Юсупова, Р.О. Этнометаллургическая философия в эпосе «Манас» [Текст] ⁄ Р.О.Юсупова ⁄⁄ Международный журнал гуманитарных и естественных наук. − Новосибирск, 2018. − № 5,2 том. – 46-50-бб. http://intjournal.ru/

13. Юсупова, Р.О. Коомдук аң-сезим жана анын синхрондук пландагы структурасы [Текст] ⁄ Р.О.Юсупова, Ж.С. Арзыматов ⁄⁄Известия ВУЗов Кыргызстана (Известия ВУЗов). – Бишкек, 2018. − № 1. – 168-170-бб.

14. Юсупова, Р.О. Рациональные тенденции в традиционных знаниях кыргызов об объективной реальности [Текст] / Р.О.Юсупова, Ж.С.Арзыматов, Д.А.Кочкорова // Международный журнал экспериментального образования. − Москва, 2019. − № 5. − 47-51-бб. http://www.expeducation.ru/

15. Юсупова, Р.О. Эпическое описание мира у кочевых кыргызов [Текст] / Р.О.Юсупова. // Евразийское научное объединение “Интеграция науки в современном мире”. Международная научная конференция. – Москва, 2019. Часть 5. – 302-305 бб. http://www.esa-conference.ru/

16. Юсупова, Р.О.Салттуу билимдердин эволюциясындагы өтүүчүлүктүн функциясы [Текст] / Р.О.Юсупова, Ж.С. Арзыматов // “Актуальные проблемы онтологии и социальной экологии”. − Бишкек, 2019. – 16-20 бб.

17. Юсупова, Р.О. Понятия синкретизма и символизма в модели мира [Текст] / Р.О.Юсупова, О.К.Юсупов, С.Ж.Артыкбаева. // Международный журнал экспериментального образования. − Москва, 2020. − № 4. http://www.expeducation.ru/

**Юсупова Рита Орозбековнанын 09.00.01 – онтология жана таанып-билүү теориясы адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Элдик оозеки чыгармаларындагы эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин байланышы» аттуу диссертациясынын**


**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин диалектикасы, күнүмдүк-практикалык таануу, императиви, синкретизм, символикалык, метеорит, асман телолору, космологиялык, салттык билимдер, рационалдык, интерпретация, экологиялык аң-сезим,синергетика, альтернативасы.

**Изилдөөнүн объектиси:** элдик оозеки чыгармалар жана алардагы эмпирикалык же салттуу билимдер. **Изилдөөнүн предмети:** дүйнө таанымда элдик оозеки чыгармалардагы эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин байланышынын орду, кубулуштары болуп саналат. **Изилдөөнүн максаты:** дүйнөнү таанып-билүүдөгү эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин байланышынын маңызын ачуу жана элдик оозеки чыгармалардагы салттуу билимдерди логико-гносеологиялык рефлексиялоо.

**Изилдөөнүн теориялык-усулдук негизи:**Таанып-билүүнүн өнүгүү процессинде элдик оозеки чыгармалардагы эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин байланышы каралып жаткан бул илимий изилдөөнүн максат-милдеттерин чечүү негизинен таанып-билүүнүн логикалык-аналитикалык жана интегративдик-жалпылоо, индукция жана дедукция, салыштыруу, герменевтикалык чечмелөө ыкмаларын комплекстүү колдонуу аркылуу жүргүзүлдү. Проблеманын методологиялык маңыз-мазмунуна ылайык: өз ара байланыш, детерминизм, эволюционизм, системдүүлүк, логикалуулук жана тарыхыйлуулук сыяктуу диалектиканын негизги принциптери көзөмөлгө алынды. Автор ишти аткарууда философиянын тарыхынын, этнографиянын жана фольклордун материалдарына, таанып-билүү теориясы боюнча изилдөөлөрдүн бай тажрыйбасына, изилденип жаткан проблема боюнча жарык көргөн советтик жана чет өлкөлүк, азыркы мезгилдеги ата мекендик илимпоздордун эмгектеринин кенен чөйрөсүнө таянды.

**Алынган натыйжалар:**

- дүйнөнү таанып-билүүдөгү элдик оозеки чыгармалардагы эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин байланышы мейкиндик жана мезгил континуумундагы аң-сезимдин формаларына жараша сенсуалисттик жана рационалдык, иррационалдык таануу ишмердигинин натыйжасында калыптанары ырааттуу аныкталды;- байыркы кыргыздардын мифтик, диний таанымдарынын диалектикасы кыргыздардын натурфилософиялык түшүнүмдөрүнө өтүшүп элдик оозеки чыгармалардагы эмпирикалык билимдерин түптөгөнү айкындалды;- кыргыздардын элдик оозеки чыгармалардагы эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин өз ара байланышы аркылуу элдин дүйнө таанымдагы объективдүү реалдуулук тууралуу демейки билимдердин калыптанышы реконструкцияланды; -таанып-билүүдөгү эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин байланышынын диалектикасынын контекстинде “Манас” эпосунда кыргыздардын жаратылышты системдүү кабылдап, анын ар бир феноменине камкордук менен этият мамиле жасап, байлыктарын рационалдуу пайдаланган салттуу билимдеринин системасы талданды; - эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин байланышындагы өтүүчүлүк принцибинин мисалында салттуу билимдердин азыркы илимдер системасына трансформациялануу жол-жобосу аныкталды.

**Колдонуу даражасы, колдонуу боюнча сунуштар:** Изилдөөдө жалпыланган концепцияларды заманбап илимдин өнүгүүсүнүн дифференциация, интеграция тенденцияларына жана келечегине тереңирээк ой жүгүртүүгө, элдин тарыхый өткөнүнөн алган салттуулуктун сабактарын азыркы социалдык процесстерге: ааламдашуунун шартында өз идентүүлүгүн сактап калуу, курчап турган чөйрөгө рационалдуу мамиле, учурдун экологиялык көйгөйлөрүн чечүү сыяктуу практикалык маселелерде пайдаланууга мүмкүн. Илимий иштеги такталган элдик тажрыйбанын башка элдердеги көрүнүштөрү менен салыштыруу планында колдонууга болот.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Юсуповой Риты Орозбековны на тему: «Взаимосвязь эмпирического и теоретического уровня познания мира в устном народном творчестве», представленной на соискание ученой степени кандидата философских наук по специальности 09.00.01 – онтология и теория познания.**

**Ключевые слова:** диалектика эмпирического и теоретического уровней, практическое знание по умолчанию, императив, синкретизм, символическое, метеорит, небесные тела, космологическое, традиционное знание, рациональное, интерпретация, экологическое сознание, синергетика, альтернатива.

**Объект исследования:** народные устные произведения и их эмпирические или традиционные знания.

**Предмет исследования:** явления,место взаимосвязи эмпирического и теоретического уровней познания мира в устном народном творчестве.

**Цель исследования:** раскрыть сущность связи между эмпирическим и теоретическим уровнями познания мира и логико-гносеологическим отражением традиционных знаний в фольклоре.

**Теоретико-методологические основы диссертации:** решение задач данного исследования, которое рассматривает взаимосвязь между эмпирическим и теоретическим уровнями в фольклоре в процессе когнитивного развития, осуществлялось главным образом за счет комплексного использования логико-аналитического и интегративно-обобщающего, индукционного и дедукционного, сравнительного, герменевтического толкований. В соответствии с методологической сущностью проблемы приняты во внимание основные принципы диалектики, такие как взаимосвязь, детерминизм, эволюционизм, системность, логика и историчность. При выполнении работы автор опирался на материалы истории философии, этнографии, фольклора, богатый опыт исследований теории познания, широкий круг опубликованных трудов советских и зарубежных, современных отечественных ученых по исследуемой проблеме.

**Полученные результаты и их новизна заключается в следующем:**

- последовательно установлено, что связь эмпирического и теоретического уровней в фольклорных произведениях мирового знания формируется в результате чувственной и рациональной, иррациональной познавательной деятельности в зависимости от форм сознания на пространственном и временном континентах;
- оказалось, что диалектика мифических и религиозных знаний древних кыргызов перешла к естественным философским представлениям кыргызов и сформировала эмпирические знания в фольклоре;
- реконструкция формирования базовых знаний людей об объективной реальности мировоззрения через взаимодействие эмпирического и теоретического уровней в кыргызском фольклоре;
- в контексте диалектики взаимосвязи эмпирического и теоретического уровней познания в эпосе «Манас» проанализирована система традиционных знаний кыргызского народа, которая систематически воспринимает природу, бережно относится к каждому явлению и рационально использует его ресурсы;
- процедура преобразования традиционных знаний в современную научную систему на примере принципа преемственности во взаимосвязи эмпирического и теоретического уровней.

**Степень использования и рекомендации к использованию:**в исследовании обобщены понятия дифференциации, интеграционные тенденции и перспективы современной науки, уроки, извлеченные из исторического прошлого людей к современным социальным процессам: сохранение идентичности в условиях глобализации, рациональный подход к окружающей среде, использование экологических проблем. Обновленный народный опыт в научной работе может быть использован в плане сравнения с явлениями других народов.

**RESUME**

**Dissertations of Yusupova Rita Orozbekovna on the subject: «The dialectic of empirical and theoretical levels of knowledge of the world», presented on the competition of graduate degree a candidate of philosophical sciences on the specialty 09.00.01 – ontology and cognitive theory.**

**Key words:**dialectics of empirical and theoretical levels, practical knowledge by default, imperative, syncretism, symbolic, meteorite, celestial bodies, cosmological, traditional knowledge, rational, interpretation, ecological consciousness, synergetics, alternative.

**Object for Research:**folk oral works and their empirical or traditional knowledge

**Goal of Work:**to reveal the essence of the connection between the empirical and theoretical levels of knowledge of the world and the logical and epistemological reflection of traditional knowledge in folklore.

**Theoretical and methodological foundations of the thesis:**the solution of the tasks of this study, which considers the relationship between the empirical and theoretical levels in folklore in the process of cognitive development, was carried out mainly through the complex use of logical-analytical and integrative-generalizing, induction and deductive, comparative, hermeneutic interpretations. In accordance with the methodological essence of the problem, the main principles of dialectics are taken into account, such as interconnection, determinism, evolutionism, consistency, logic and historicity. In carrying out the work, the author relied on materials from the history of philosophy, ethnography, folklore, rich experience in research on the theory of knowledge, a wide range of published works of Soviet and foreign, modern domestic scientists on the problem under study.

**Obtained Results and their Novelty are as follows:**

- it has been consistently established that the connection between the empirical and theoretical levels in folklore works of world knowledge is formed as a result of sensory and rational, irrational cognitive activity, depending on the forms of consciousness on the spatial and temporal continents;
- it turned out that the dialectic of mythical and religious knowledge of the ancient Kyrgyz passed to the natural philosophical concepts of the Kyrgyz and formed empirical knowledge in folklore;
- reconstruction of the formation of basic knowledge of people about the objective reality of the worldview through the interaction of the empirical and theoretical levels in Kyrgyz folklore;
- in the context of the dialectic of the relationship between the empirical and theoretical levels of knowledge in the epic "Manas", the system of traditional knowledge of the Kyrgyz people is analyzed, which systematically perceives nature, treats every phenomenon with care and rationally uses its resources;
- the procedure for transforming traditional knowledge into a modern scientific system on the example of the principle of continuity in the relationship between empirical and theoretical levels.

**Level of Use and Recommendations on Use:**

The study summarizes the concepts of differentiation, integration trends and prospects of modern science, lessons learned from the historical past of people to modern social processes: the preservation of identity in the context of globalization, a rational approach to the environment, the use of environmental problems.The updated folk experience in scientific work can be used in terms of comparison with the phenomena of other peoples.